«САПАТТУУ БИЛИМ» БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫН ЖАНА ПРОГРАММАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ

АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ОРГАНИЗАЦИЙ И ПРОГРАММ «САПАТТУУ БИЛИМ»

AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL ORGANIZATIONS AND PROGRAMS «SAPATTUU BILIM»

# МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕСИ № 58 КЕСИПТИК ЛИЦЕЙ

# БАШТАЛГЫЧ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН «ТИГҮҮЧҮ» ПРОГРАММАСЫН АККРЕДИТАЦИЯЛООНУН ЖЫЙЫНТЫГЫ БОЮНЧА ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯНЫН

# КОРУТУНДУСУ

**Отчеттун акыркы варианты келип түшкөн күн**
**_______________ ж.**

Тышкы баалоо датасы (визит)
**17 – 18 январь 2024ж.**

**Бишкек, 2024 ж.**

## 1. КИРИШҮҮ БӨЛҮМ

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-мартындагы № 189 "Билим берүү уюмдарын аккредитациялоо чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө" токтомуна ылайык, № 58 кесиптик лицейинин программалык аккредитациялоо үчүн берилген арызы боюнча «Сапаттуу билим» ААнын 2024-жылдын 9-январындагы №10/01-24 буйругу менен ТЭКтин төмөнкү курамы бекитилген:

**1) Эксперттик топтун төрагасы**

| № | *Аталышы* | *көрсөтүү* |
|---|---|---|
| 1 | ФАА (толук) | Мааткеримов Бакыт Асранбекович |
| 2 | Экспертиза учурундагы кызматы жана иштеген жери | |
| 3 | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий же илимий даража же наам (бар болсо) | Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин Мамлекетти башкаруу жана философия факультети.<br>Кесиби боюнча саясат таануучу, конфликтолог.<br>*Философия илимдеринин кандидаты* |
| 4 | Көз карандысыз эксперт катары тажрыйбасы: бар / жок | бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

**2) эксперттик топтун мүчөсү**

| № | Аталышы | *көрсөтүү* |
|---|---|---|
| 1 | ФАА (толук) | Коккозова Чынар Апызовна |
| 2 | Экспертиза учурундагы кызматы жана иштеген жери | Заместитель директора лицей "Сапат" |
| 3 | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий же илимий даража же наам (бар болсо) | |
| 4 | Көз карандысыз эксперт катары тажрыйбасы: бар / жок | бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

**3) эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *көрсөтүү* |
|---|---|---|
| 1 | ФАА (толук) | Салайдинов Илхомжон Содикжонович |
| 2 | Экспертиза учурундагы кызматы жана иштеген жери | «Ибн Сино» совхозунун башчысы |
| 3 | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий же илимий даража же наам (бар болсо) | Шахрихан айыл чарба техникуму |
| 4 | Көз карандысыз эксперт катары тажрыйбасы: бар / жок | жок |
| 5 | Эксперттин колу | |

**4) эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *көрсөтүү* |
|---|---|---|
| 1 | ФАА (толук) | Мирзакаландаров Бахтиёр Кодирович |
| 2 | Экспертиза учурундагы кызматы жана иштеген жери | Жеке ишкер |
| 3 | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий же илимий даража же наам (бар болсо) | Кесиптик лицей № 58 |
| 4 | Көз карандысыз эксперт катары тажрыйбасы: бар / жок | Жок |
| 5 | Эксперттин колу | |

**5) эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *көрсөтүү* |
|---|---|---|
| 1 | ФАА (толук) | Курбонов Мухаммадёкуб Абдуллажонович |
| 2 | Экспертиза учурундагы кызматы жана иштеген жери | Жеке ишкер |
| 3 | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий же илимий даража же наам (бар болсо) | Кесиптик лицей № 58 |
| 4 | Көз карандысыз эксперт катары тажрыйбасы: бар / жок | Жок |
| 5 | Эксперттин колу | |

**6) эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *көрсөтүү* |
|---|---|---|
| 1 | ФАА (толук) | Сокиева Гузалхон Исроиловна |
| 2 | Экспертиза учурундагы кызматы жана иштеген жери | Жеке ишкер |
| 3 | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий же илимий даража же наам (бар болсо) | Кесиптик лицей № 58 |
| 4 | Көз карандысыз эксперт катары тажрыйбасы: бар / жок | Жок |
| 5 | Эксперттин колу | |

**7) эксперттик топтун мүчөсү**

| № | *Аталышы* | *көрсөтүү* |
|---|---|---|
| 1 | ФАА (толук) | Миталипова Уулкан Каныбековна |
| 2 | Экспертиза учурундагы кызматы жана иштеген жери | Э.Абдырайымова атындагы № 45 лицейдин 3-курсунун окуучусу. |
| 3 | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий же илимий даража же наам (бар болсо) | |
| 4 | Көз карандысыз эксперт катары тажрыйбасы: бар / жок | Жок |
| 5 | Эксперттин колу | |

# 1. ОКУУ ЖАЙДЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМҮ

**№58 Кесиптик лицейинин түзүлүшүнүн жана өнүгүшүнүн кыскача тарыхы:**

№58 Кесиптик Лицейи 1974-1972 окуу жылдары Караван айылындагы Мусаев атындагы №8 кесиптик-техникалык окуу жайынын филиалы болгон. Ушул жылдар ичинде 200дөн ашуу окуучулар кесип ээси болгон.

1982-жылдан 1984-жылдан январь айына чейин Жаңы Базар айылындагы №54 Кесиптик техникалык окуу жайына филиал болгон. 1983 жылы Ноокат райондук эл депутаттарынын кеңешмесинин 31-октябрындагы №11/388чечимине ылайык Ош облустук баштапкы кесиптик билим берүү башкармалыгынын 1984-жылдын 1-апрелиндеги №9 буйругунун негизинде Ош облустук депутаттары жана Ош облустук аткаруу комитетинин 1984-жылдын 9-февралындагы №69-чечимине ылайык Кыргыз Республикасынын министрлер кеңешмесинин1984-жылдын 2-январындагы №1 чечиминин негизинде 1984-жылдын 1-апрелинен №58 айылдык кесипчилик техникалык билим берүү боюнча окуу жайы ачылып, 56 инженер-педагогдор иш баштаган.

№58 Кесиптик–техникалык билим берүү окуу жайында "Кеңири профилдеги тракторист машинист" автоунаа адистиги боюнча 3 жыл окуу мөөнөт менен ачылган.

1984-жылдан 2009 окуу жылына чейин төмөндөгү боюнча кадрлар даярдалган.

- ✓ Кеңири профилдеги такторист машинист (3 жыл мөөнөт менен);
- ✓ Азык тулук продукциясын сатуучу (10айлык мөөнөт менен);
- ✓ Электромонтёр,"С"категориясындагы айдоочу (10 айлык мөөнөт менен);
- ✓ 3-разряддагы тигүүчү (10 айлык мөөнөт менен);
- ✓ Жыгыч устаты (10 айлык мөөнөт менен);
- ✓ Тамекичилик устаты (10 айлык мөөнөт менен);

2008-окуу жылынан баштап окуу жайы кесиптик лицейи болуп атала баштады. Азыркы учурда "Айыл-чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер), "С"категориясындагы айдоочу, "Кыш-кыноочу","С"категориясындагы айдоочу, "Электр жана газ менен ширетүүчү", "С"категориясындагы айдоочу,"Тигүүчү" адистиктерине бюджет жана контракт негизинде окутуу жана тарбиялоо үчүн 60 ден ашуу инженер педагогдор эмгектенип келишет.

Кесиптик лицейде 2007-жылдан 2015-жылга чейин төмөндөгү адистиктер боюнча кадрларды даярдап чыгарды.

- ✓ "Электр жана газ менен ширетүүчү"С"категориясындагы айдоочу" (10 айлык мөөнөт менен);
- ✓ "Кыш-кыноочу"С"категориясындагы айдоочу"(10 айлык мөөнөт менен);
- ✓ "Айыл-чарба өндүрушүнүн устаты (фермер)", "А, В, Г" категориясындагы тракторист-машинист, "С"категориясындагы айдоочу (3 жылдык мөөнөт менен)
- ✓ "Тигүү жабдууларын оператору, (тигүүчу)" (3 жылдык мөөнөт менен)
- ✓ "Тигүү жабдууларын оператору, (тигүүчу)"(10 айлык мөөнөт менен)
- ✓ "С"категориясындагы айдоочу"(3 айлык мөөнөт менен)
- ✓ "Автослесарь"(3 айлык мөөнөт менен)

Азыркы күндө кесиптик лицейде Айыл-чарба өндүрушүнүн устаты (фермер)", "А" категориясындагы тракторист-машинист, "Тигүү жабдууларын оператору, (тигүүчу)" кесиби боюнча окуучулар эки жылдык мөөнөт менен окуп жатат. Мындан сырткары бүгүнкү күндө, эмгек базарыга жаңы заманбап адистерди даярдоо максатында бир канча жаңы адистиктер боюнча билим берүү пландаштырылып жатат.

Билим берүү мекемесинин уюштуруу-укуктук формасы:Кесиптик лицей – бул мекеме деп аталуучу уюштуруу-укуктук формасына ээ болгон мамлекеттик уюм. Анын уюштуруучусу болуп - Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана Илим министрлиги эсептелинет.

№58 кесиптик лицей юридикалык жак катары мыйзамда белгиленген тартипте мамлекеттик каттоодон өткөн учурдан баштап тиешелүү укуктарды жана милдеттерди алган. *Юридикалык каттоо күбөлүгү;*

**№ 58 Кесиптик Лицейинин дареги, телефону, факсы, e-mail, веб-сайты:**
Кыргыз Республикасы, Ош облусу, Ноокат району, Жаңы-Ноокат айылы,Найманбаев атындагы көчө 17.723400 Телефон: +996(3230) 5-51-82; Факс: +9966-00-23 E-mail: pl5800@mail.ru ИНН 01010200710159.

№58 кесиптик лицей –баштапкы билим берүү мекемеси: мамлекеттик каттоодон өткөн номери 2022- жылдын 02- Июну, №0042088; №58КЛдин Уставы, өздүк балансы, мөөрү ж.б. реквизиттери бар. *Уставдын көчүрмөсү.*

**Окуу жайда жүзөгө ашырылып жаткан билим берүү программасы:** 7443, 8263 “Тигүү жабдууларынын оператору, тигүүчү” кесиптик билим берүү программасын лицензия № Н2019 - 0010 *Лицензиянын копиясы.*

Билим берүү уюмунун жер участогун мөөнөтсүз пайдалануу укугу жөнүндө мамлекеттик актысы (техникалык паспорту) бар.

Ноокат райондук өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн өрт коопсуздугун сактоо боюнча корутундусу.

Ноокат райондук оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык – эпидемиологиялык көзөмөлдөөнү борбордун акты https://kl58.edu.kg/

**Студенттердин саны жөнүндө маалымат**

| № | Фермер | Тигүүчү | ЭГШ | Токарь |
|---|---|---|---|---|
| 1-курс | 128 | 33 | | |
| 2-курс | 105 | 27 | | |
| 3-курс | 75 | | | |
| 10-айлык | | 31 | 26 | 31 |
| Общий контингент | **456** | | | |

***Мугалимдердин жалпы саны***

| *Штаттык* | *Совместитель* | *Устат* | *Жалпы* |
|---|---|---|---|
| 25 | 4 | 32 | *61* |

Бардык кызыктар тараптардын керектөөлөрүн жана күтүүлөрүн талдоонун негизинде Жаңы-Ноокат айылындагы №58 Кесиптик лицейи 2020-жылдын 22-августундагы педагогикалык кеңешинде өзүнүн миссиясын кайра карап чыгып, №2 протокол менен төмөнкү миссияны кабыл алган: ***Өлкөнүн экономикасын көтөрүүгө өз салымын кошо алган, өз ишмердүүлүгүндө жаңы технологияларды колдоно билген, адептик баалуулуктарды жогору баалаган жана эмгек базарынын талаптарына ылайык келген компетенттүү жумушчу кадрларды даярдоо.***

## 2.ОКУУ ПРОГРАММАСЫНЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМҮ

“Тигүү жабдууларынын оператору, тигүүчү” адистиги боюнча, мамлекеттик билим берүү стандартына жана РИМБ тарабынан берилген типтүү окуу планынын негизинде окутуунун жумалык жүктөмдөрү аныкталган. 1- курстун биринчи жарым жылдыгынан 2-курстун жарым жылдыгынын аягына чейин 36 сааттан, 2-курстун 2-

жарым жылдыгында 38сааттан, 3-курста 39сааттан белгиленген. Сабак жадыбалында ушул талап аткарылат.

«Тигүүчү» кесибин даярдоо процессинде тайпаларда 6 устат, 3 тайпа жетекчилери, 17 мугалим эмгектенүүдө. Мугалимдер жана өндүрүштүк окуунун устаттарынын билимин жогорулатуу боюнча иш-пландары түзүлгөн жана үзгүлтүксүз аткарылууда. 2019-2023 окуу жылдарында РИМБ, E-QUALITY, SOLIDARITY CENTER жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин секторду өнүктүрүү программасы тарабынан окуу жайдын кызматкерлери түрдүү багыт боюнча онлайн жана офлайн түрүндө өз билимдерин жогорулатып келишүүдө.

Окуу жайында окуучулар керектүү материалдык ресурстар менен камсыздалган. Алар: «Тигүүчү» кесиби боюнча 3 теориялык окуу канасы, бир компьютер канасы, электрондук китепкана – 300 аталыштары, 1 проектор, 1 интерактивдүү доскалар, окуу программасына ылайыктуу макеттер, окуу китептери -18 аталыштары, 24 тигүү машынасы

2022- жылдын сентябрь айында АГА-ХАН" фондунун "Арекетчил" долбору астында "Тигүүчү" адистиги үчүн " 3 даана JUSTTA программалык тигүү машинасы алып келинди.

| № | Китептердин классификациясы | Саны |
|---|---|---|
| 1. | Жалпы фонд | 7200 |
| 2. | Көркөм адабияттар | 1111 |
| 3. | Атайын китептер | 1100 |
| 4. | Жалпы билим берүү китептери | 1855+600 |
| 5. | Усулдук китептер | 1484 |
| 6. | Бизнес менен таанышуу1-2-бөлүмдөр | 100 |
| 7. | Ширетүү боюнча китеп | 20 |
| 8. | Электрондук китептер (дисктер) | 300 |

«Тигүүчү» адистиги боюнча окууну бүткөн окуучуларга окуу жай тарабынын төмөндөгү документтер берилет:

- Жалпы орто билим жөнүндө аттестат;
- «Тигүүчү» диплому;

Квалификациясы: 2-3 разряддагы тигүүчү.

### 3. *ТЭКнын КАТЫШУУСУНУН САПАТТАМАСЫ*

2024-жылдын 17-январынан 18-январына чейин Ноокат районундагы №58 кесиптик лицейинде программаны аккредитациялоо процедурасы өттү.

Тышкы эксперттик комиссиянын (ТЭК) иш сапары директор Ш.Б.Каримова тарабынан мурда макулдашылган жана бекитилген эки күндүк иш сапардын программасына ылайык уюштурулган. Лицейдин ишмердүүлүгүн баалоо боюнча объективдүү маалымат алуу үчүн ТЭК мүчөлөрү визуалдык текшерүү, максаттуу топтор: окуучулар, бүтүрүүчүлөр, иш берүүчүлөр, ата-энелер, мугалимдер жана АУП менен маектешүү сыяктуу ыкмаларды колдонушкан. Окуучуларды жана мугалимдерди суроо ыкмасы да колдонулду.

Билим берүү уюмуна барардын алдында ТЭК мүчөлөрү КЛ №58 https://kl58.edu.kg/ сайты менен таанышышты.

Визуалдык текшерүүнүн жүрүшүндө окуу-көмөкчү процессти камсыз кылуу үчүн зарыл болгон материалдык-техникалык базанын жана социалдык түзүм объекттеринин бар экендиги аныкталды, мисалы:

14 окуу класстары;
2 компьютердик класс;
5 окуу мастердик класс;
100 орундук ашкана;
медициналык кабинет
автодром – 0,8 га

Бирок, №58 КЛнын материалдык-техникалык базасын визуалдык текшерүүнүн натыйжасында лицейдин өздүк спорт залы жана жатаканасы жок болгондуктан, МТБ аккредитациялык стандарттарга толук жооп бербегени аныкталган.

ТЭК 7 интервью өткөрдү. ТЭКтин максаттуу топтору менен жолугушуулары визиттин көрсөтүлгөн программасына ылайык, белгиленген мөөнөттө (40 мүнөт) өттү. Лицейдин кызматкерлери тизмеде көрсөтүлгөндөрдүн 100% болушун камсыз кылышты.

***Маектешүү учурунда студенттер:***

- экзамендерди тапшырууда мугалимдер тарабынан негизсиз тоскоолдуктар болбогондугун;
- материалдык-техникалык база жетиштуу деңгээлде эмес;
- тандалган адистиктерге канааттангандарын;

Жалпысынан студенттер билим берүүнүн шарттарына жана сапатына толугу менен канааттанышты деген ойлорун айтышты.

***Окуучулардын ата-энелери менен болгон маекте***

- балдардын билим берүү мекемесинде билим алуусу жана мугалимдер менен
- баарлашуу маселелери талкууланды.

Ата-энелер менен болгон маектешүүлөрдүн жыйынтыгында төмөнкүлөр аныкталган:

- билим берүүнүн шарттарына жана сапатына канааттануу;
- ар кандай WatsApp, Telegram топтору аркылуу ата-энелер, окуучулар жана мугалимдер ортосунда тыгыз байланыш бар.

***№58 КЛнын бүтүрүүчүлөрү:***

- практика учурунда теориялык билимдерин кеңейтип, бекемдегендигин;
— кошумча окуу корпусу курулуп жаткандыгы жөнүндөгү жагымдуу сөздөр жөнүндө.

Бүтүрүүчүлөргө практикалык даярдыгын жогорулатууга басым жасоо сунушталат.

***Иш берүүчүлөр белгилешти:***

- билим берүү мекемеси менен активдүү кызматташуу;
- студенттер практикага жоопкерчиликтүү мамиле кылышы, жакшы кесиптик даярдыгын көрсөтүүсү, практикалык тапшырмаларды абдан ынтызарлык менен аткаруусу;
- абдан жакшы теориялык маалымат.

Иш берүүчүлөр практиканын жыйынтыктарын теориялык сабактарда көбүрөөк колдонууну, иш берүүчүлөрдү окуу процессине активдүү тартууну сунушташты.

***№58 КЛдин профессордук-окутуучулук курамы менен болгон маекте окуу процесси, карьералык өсүү жана жетекчилик менен болгон байланыш маселелери каралды.***

***ППП интервью учурунда:***

- финансылык сыйлоо түрүндө жетекчилик тарабынан колдоо бар;
- карьералык өсүү мүмкүнчүлүгү бар;
- материалдык-техникалык база менен толук канааттандырылган;
- Wi-Fi жана Интернетке акысыз кирүү мүмкүнчүлүгү жок;
- лабораториялык жана практикалык сабактар видеосабактар жана презентациялар түрүндө өткөрүлүп ***келгенин белгилеп өтүштү***

***Административдик жана башкаруучу персонал менен маектешүү учурунда,***:
- материалдык-техникалык базаны жакшыртууга финансылык чыгымдар;
- билим берүү процессин өркүндөтүү боюнча иштин келечектүү багыттары;
- кызыкдар тараптардын суроо-талаптарын канааттандыруу.
- студенттердин академиялык мобилдүүлүгү жана окутуучулардын стажировкалары жөнүндө;
- билим берүү тармагында сапатты башкаруу системасын киргизүү жөнүндө сүйлөшүү болуп өттү.

Аккредитациялоо жол-жобосуна ылайык, студенттердин билим берүү кызматтарынын сапатына жана аларга колдоо көрсөтүүнүн сапатына канааттануу деңгээлин аныктоо үчүн студенттердин арасында сурамжылоо да жүргүзүлдү. Сурамжылоого 19 адам катышкан.

Жеке маалыматтарды иштетүү төмөнкү натыйжаларды көрсөттү: Интернетке эркин кирүү мүмкүнчүлүгүн 98% белгилеген, бирок окуу-методикалык материалдар менен камсыз кылуу боюнча канааттануу жөнүндө суроого респонденттердин 62% маалыматтык маалымдамалардын жетишсиздигин белгилешкен. Ошондой эле, окуучулардын көпчүлүгү (80%) окуу процессинин ар кандай аспектилерине толук канааттанышат жана 90% мугалимдер материалды жеткиликтүү жана так түшүндүрүп берерин белгилешти. Ошондой эле мугалимдер окуу корпусун жаңылоо зарылдыгын, студенттер үчүн жатакананын жоктугун белгилешти.

Жалпысынан сурамжылоону талдоо көрсөткөндөй, студенттер билим берүү кызматтарынын сапатына жана алар алган колдоолорго канааттанышат.

Иш сапардын жүрүшүндө эксперттер дисциплиналар боюнча сабактарды өтүштү. Сабакка катышуунун жыйынтыгы боюнча төмөнкүдөй тыянак чыгарууга болот:
- сабактардын темалары иш программаларынын календардык планына ылайык жүргүзүлөт;
- сабактар презентация түрүндө иштин негизги пункттарынын иллюстрациялары менен коштолот;
- студенттер тиешелүү багыттар боюнча жакшы билим деңгээлин көрсөтүп, кошумча суроолорго жооп беришти.

Иштин жүрүшүндө адистер колледждин ченемдик-укуктук жана ички локалдык документтери: уставы, штаттык расписание, ички тартип эрежелери, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасы боюнча инструкциялар, эмгекке акы төлөө системасын белгилөөчү документтер жана башкалар менен таанышты.

## 4. АНАЛИТИКАЛЫК БӨЛҮМ

4.1. Ишке ашырылбаган эксперттик сунуштарды көрсөтүү менен Отчеттун акыркы вариантын талдоо

**Стандарт 1. Билим берүү уюмунун көз карашы, миссиясы, стратегиясы. Билим берүү программасынын сапатын камсыз кылуу саясаты (максаттары, өнүгүү стратегиясы) жана жол-жобологу.**

| Эксперттик сунуш | Аткаруу |
|---|---|
| Стратегиялык жана учурдагы пландардын аткарылышына мониторинг жүргүзүү мөөнөттөрүн көрсөтүү жана кыскача талдоо | аткарылды |

**Стандарт 2. Программаларды жана квалификацияларды бекитүү, мониторинг жана мезгил-мезгили менен баалоо.**

| Эксперттик сунуш | Аткаруу |
|---|---|
| Окуу планына шилтеме бергиле | аткарылды |
| Текстти түзөтүү, кайталанган маалыматты жок кылуу | аткарылды |

**Стандарт 3. Окуучулардын билим/компетенттүүлүк деңгээлин баалоо.**

| Эксперттик сунуш | Аткаруу |
|---|---|
| Окутуунун ыкмаларын баалоо боюнча студенттер арасында сурамжылоо жүргүзүү жөнүндө толук маалымат берүү | аткарылды |
| Текстти түзөтүү, кайталанган маалыматты жок кылуу | аткарылды |

**Стандарт 4. Окуучуга багытталган окутуу**

| Эксперттик сунуш | Аткаруу |
|---|---|
| Студенттик кабыл алуу мониторингинин маалыматтарын кошуу | аткарылды |

**Стандарт 5. Педагогикалык кадрлардын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыздоо**

| Эксперттик сунуш | Аткаруу |
|---|---|
| Өзүн-өзү баалоодо мугалимдерге дем берүү жана бонустар боюнча маалыматтарды көрсөтүңүз | аткарылды |

**Стандарт 6. Окуу ресурстары жана окуучуларды камсыз кылуу**

| Эксперттик сунуш | Аткаруу |
|---|---|
| китеп менен камсыз кылуу жөнүндө маалымат кошуу | аткарылды |

**Стандарт 7. Билим берүү программасын натыйжалуу ишке ашырууну камсыз кылуучу маалымат системасы**

| Эксперттик сунуш | Аткаруу |
|---|---|
| Уюм өзүнүн ишмердүүлүгү тууралуу коомчулукка үзгүлтүксүз түрдө кандай маалымат бериши керектиги жөнүндө конкреттүү жана так маалымат бериңиз. | аткарылды |

4.2. Программаны аккредитациялоону ишке ашыруунун шайкештигин талдоо.

4.2.1 SWOT- программаны аккредитациялоо үчүн талдоо
Күчтүү жактары:
- ✓ Кесиптик лицейдин билим берүү процессиндеги педагогикалык, социалдык, илимий техникалык, ж.б. багыттардагы жетишкендиткеринин аймактык, республикалык деңгээлде маалым экендиги;
- ✓ Тигүүчү адистиги боюнча документке ээ болгон адамдар үчүн иш орундардын көп болушу.
- ✓ Окуучуларды шыктандыруучу, алардын билимин, кесиптик шык жөндөмүн, инсандык сапаттарын өнүктүрүүгө таасир этүүчү факторлордун (сыйлоо, материалдык моралдык колдоо усулдары) толук изделип ишке ашырылып жаткандыгы.
- ✓ Тайпаларда окутуунун күтүлгөн натыйжаларына жетүү максатында окуу жайын мурда аяктаган бүтүрүүчүлөр менен тыгыз байланышта иш-жүргүзүүсү.

Алсыз жактары

- ✓ Билим берүү чөйрөлөрүнүн бирдиктүү эмес болуусу;
- ✓ Адистикте билим берүү боюнча окуу-усулдук колдонмолордун жетишсиздиги;
- ✓ Тайпаларда окуп жатып, түрдүү себептерден улам чет өлкөлөргө кетип жаткан окуучуларга тиешелүү чара колдонуу лицей үчүн көйгөй жаратууда.
- ✓ Билим берүү программасын өркүндөтүү максатында пландаштырылган натыйжаларга мониторинг, талдоо жана баалоого кызыкдар тараптардын жетишсиз катышуусу.
- ✓ Жеке спорт залдын жана жатакананын жоктугу.
- ✓ Сайттын начар иштеши.
- ✓ Башкаруунун автоматташтырылган системасы ишке ашырылган эмес

4.2.2 Программанын аккредитациясынын стандарттарына ылайык келүү

**Стандарт 1. Билим берүү уюмунун көз карашы, миссиясы, стратегиясы. Билим берүү программасынын сапатын камсыз кылуу саясаты (максаттары, өнүгүү стратегиясы) жана жол-жоболору.**
**Эскертүү:** жок
**Сунуштар:** жок
**Корутунду:** стандарт 1. Толук шайкештик

**Стандарт 2. Программаларды жана квалификацияларды бекитүү, мониторинг жана мезгил-мезгили менен баалоо.**

Критерий 2.4. Билим берүү уюмунда билим берүү программасын, алардын максаттарын жана окутуунун натыйжаларын мезгил-мезгили менен баалоо жана өркүндөтүү үчүн жол-жоболору жана жооптуу кызматтары (адамдары), билим берүү кызмат көрсөтүүлөрү боюнча чечимдерди кабыл алуу механизмдери, билим берүү программаларын жана алардын максаттарын жана окуу натыйжаларын иштеп чыгуу жана карап чыгуу. КУА 3, 4 мазмуну.

**Эскертүү:** окутуунун натыйжаларын талдоо жана мониторинг жүргүзүү боюнча маалыматтар жок

**Сунуш:** окутуунун натыйжаларына мониторинг жүргүзүүнүн механизмин (жергиликтүү документти) иштеп чыгуу

Критерий 2.5. Билим берүү программасын карап чыгуу жана кызыкдар тараптарга билим берүү программасынын сапаты жөнүндө маалымат берүү процессинде пайда болгон өркүндөтүү процесстерин ишке ашырууга көмөктөшүүчү механизмдин болушу

**Эскертүү:** кызыкдар тараптарды окутуунун натыйжаларын талкуулоого тартуунун алсыз механизми

**Сунуш:** КЛ№58 стратегиялык планынын алкагында окуунун натыйжаларын талкуулоого кызыкдар тараптарды тартуу боюнча системалуу планды иштеп чыгуу

**Корутунду: стандарт 2. Жарым-жартылай шайкештик**

**Стандарт 3. Окуучулардын билим/компетенттүүлүк деңгээлин баалоо.**

**Эскертүү:** жок

**Сунуштар:** жок

**Корутунду: стандарт 3. Толук шайкештик**

**Стандарт 4. Окуучуга багытталган окутуу**

Критерий 4.2 Билим берүү уюмунун окуучуларды тандоо жана кабыл алуу, ыңгайлаштыруу, өнүктүрүү жана бүтүрүү процесстерин жөнгө салуучу түзүмдөрү жана жол-жоболору бар. Билим берүү уюму окуучуларды тандоонун жана кабыл алуунун калыс жана объективдүү жол-жоболорун колдонот, мында потенциалдуу окуучуларды кабыл алууда негизсиз тоскоолдуктар жок.

**Эскертүү:** кесипке багыт беруу иши начар

**Сунуш:** абитуриенттерди тартуу боюнча иштерди күчөтүү.

Критерий 4.6. ББПкөндүмдөрдү өнүктүрүү үчүн жагымдуу билим берүү чөйрөсүн түзөт. Өз алдынча билим алуу, профессионалдык жана инсандык жактан өркүндөтүү, окутуучулардын, өндүрүштүк окуунун мастерлеринин бир эле учурда жардамы менен окуучулардын өз алдынчалыгын колдоо.

**Эскертүү:** студенттердин академиялык мобилдүүлүгү боюнча иш жок

**Сунуш:** окуучулардын мобилдүүлүгүн өнүктүрүү боюнча аракеттерди активдештирүү

**Корутунду: стандарт 4. Жарым-жартылай шайкештик**

**Стандарт 5. Педагогикалык кадрлардын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыздоо**

**Эскертүү:** жок

**Сунуштар:** жок

**Корутунду: стандарт 5. Толук шайкештик**

**Стандарт 6. Окуу ресурстары жана окуучуларды камсыз кылуу**

Критерий 6.2. Заманбап китепканалык-маалыматтык ресурстар студент үчүн жеткиликтүү, учурдагы китепкана фонду билим берүү муктаждыктарын камтыйт.

**Эскертүү:** окуу адабияттары менен жетишсиз камсыз кылынган.

**Сунуш:** кесиптик боюнча окуу адабиятынын көлөмүн көбөйтүү.

Критерий 6.5. Жашоо (жатакана), тамактануу (ашкана же буфет), медициналык тейлөө үчүн тийиштүү шарттар түзүлүп, спорт жана эс алуу үчүн шарттар түзүлгөн.

**Эскертүү:** жеке спорт залдын жана жатакананын жоктугу.

**Сунуш:** Перспективалык планда спорт залын жана жатакананы куруу каралган.

**Корутунду: стандарт 6. Жарым-жартылай шайкештик**

**СТАНДАРТ 7. Билим берүү программасын натыйжалуу ишке ашырууну камсыз кылуучу маалымат системасы**

Критерий 7.2. Окуучулар электрондук окуу материалдарына жана электрондук аттестация баракчаларына мүмкүнчүлүк алышат.

**Эскертүү:** башкаруунун автоматташтырылган системасы ишке киргизилген эмес

**Сунуш:** 2025-жылга чейин автоматташтырылган башкаруу системасын киргизүү

Критери 7.3. Билим берүү программасы жөнүндө толук жана ишенимдүү маалыматты жарыялайт

**Эскертүү:** сайттын начар иштеши

**Сунуш**: веб-сайтты модернизациялоо жана толтуруу, кызыкдар тараптар менен активдүү маалыматтык иштерди жүргүзүү

**Корутунду: стандарт 7. Жарым-жартылай шайкештик**

## 5. АККРЕДИТАЦИЯЛОО СТАНДАРТТАРЫНА ЫЛАЙЫК КЕЛҮҮ

| П/П | Стандарттар | Билим берүү программасын баалоо | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Толук шайкештик (3 балл) | Жарым-жартылай дал келүү (2 балл) | Аткарылган эмес (1 балл) |
| 1 | СТАНДАРТ 1. Билим берүү уюмунун көз карашы, миссиясы, стратегиясы. Билим берүү программасынын сапатын камсыз кылуу саясаты (максаттары, өнүгүү стратегиясы) (4 критериев) | 12 | | |
| 2 | СТАНДАРТ 2. Программаларды жана квалификацияларды бекитүү, мониторинг жана мезгил-мезгили менен баалоо. (6 критериев) | 12 | 4 | |
| 3 | СТАНДАРТ 3. Окуучулардын билим/компетенттүүлүк деңгээлин баалоо. (5 критериев) | 15 | | |
| 4 | СТАНДАРТ 4. Окуучуга багытталган окутуу (6 критериев) | 12 | 4 | |
| 5 | СТАНДАРТ 5. Педагогикалык кадрлардын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыздоо (5 критериев) | 15 | | |
| 6 | СТАНДАРТ 6. Окуу ресурстары жана окуучуларды камсыз кылуу (5 критериев) | 9 | 4 | |
| 7 | СТАНДАРТ 7. Билим берүү программасын натыйжалуу ишке ашырууну камсыз кылуучу маалымат системасы (3 критерия) | 3 | 4 | |
| | Жалпы 34 критерийлер | | | |
| | Жалпы _94 балл | | | |

92ден 102 баллга чейин – 5 жылга толук аккредитация

81ден 91 баллга чейин – 3 жылга шарттуу аккредитация

70тен 80 баллга чейин – 1 жылга шарттуу аккредитация

69 баллдан төмөн аккредитациядан баш тартуу

## 6. КОРУТУНДУСУ

Эксперттик комиссия программаны аккредитациялоонун алкагында тышкы баалоонун жыйынтыгы боюнча

1) толук эмес кесиптик билим берүүнүн 7443 “Тигүчүү” адистиги боюнча билим берүү программасын ишке ашыруу Сапаттуу билимдин стандарттарына жарым-жартылай дал келет деп эсептейт

2) Аккредитациялык кеңешке 5 жылдык мөөнөткө аккредитациялоо жөнүндө чечим кабыл алууну сунуштайт